# Т.САТЫЛГАНОВ - КӨП КЫРДУУ АКЫН

**ЖОРОБЕКОВА БАКТЫГҮЛ**
*Талас университети, окутуучу*

Дүйнөлүк маданияттын тарыхында туулуп, элинин тагдыры менен кошо жашап, чыгармачылык жан дүйнөсү менен азыктандырып келген адамдар тарых барактарын ачсак андай инсандардын ысымдары четинен саналат. Мына ошондой адамдардын бири ак таңдай, тоо булбулу аталган кыргыз элинин сыймыгы, улуу ырчысы, жанда жок чебер комузчу жана композитор.

Т. Сатылганов. Ал өзүнүн чыгармачылыгы менен обончу-музыкант, акын-импровизатор, комузчу-виртуоз катары албайлы,дегеле бардыгында тең бирдей чеберчиликти даңазалаган чыгармачылык таланты көп кырдуу акын катары таанымал. Акындын чыгармачылыгы XIX кылымдын сексенинчи жылдары менен XX кылымдын отузунчу жылдарынын аралыгына туура келет. Бул жылдар жөн гана мезгилдин аралыгы болгону менен бул аралык эзүүчүлөр менен эзилгендердин тап күрөшүнүн ортосундагы аягышкан тарыхый мезгил эле. Мындай учурда карапайым калкка эл ичиндеги акылман, ойчул адамдардын болушу зарыл эле. Мына ошондой адамдардын бири - улуу акын Т.Сатылганов. Ал ошол учурдагы замандын агымын тулку боюнан, жан дүйнөсүнөн өткөрүп, эл менен бирге жүргөн. Анан калса жакырчылыктын оор запкысын көтөрүп, илим-билимден кабарсыз кыргыздын элет калкынын арасында турмуштук мектебин башынан өткөргөн. Өзү мектептен билим албаса да, кылымдар бою кыргыз эли түптөгөн акыл-ой мурастарынан, элдик оозеки чыгармачылыктан үйрөнүп, кыргыз элинин социалдык- коомдук турмушун кеңири сүрөтөөнү көздөгөн.Дегеле Токтогулдун балалык жана жаштык учуру да кыргыз элинин башына түшкөн эки доорго туура келип, ал тарыхый эки кылымдын адамы. Бири падышалык, урууучулук-феодалдык доор болсо, экинчиси совет бийлигинин орногон жаңы түзүлүш доору эле. Мындай тирелишкен абалда эл арасындагы алдыңкы адамдарды, алар менен кошо Токтогулдун чыгармачылык дараметин, талантын шыктандырбай койбогон. Анын дүйнөгө жана коомго карата болгон философиялык көз караштагы чыгармаларын Октябрь революциясына чейинки, анда алдыңкы идеяларды таратуучу демократ акын катары белгилүү болсо, экинчи совет бийлигинин алгачкы жылдарында революциялык идеяны жактап, эл ичиндеги революциянын жарчысы болгону белгилүү. Ошону менен элдик акын катары таанылып, кылымдан-кылымга өтүп, аты даңазаланууда.”Эгерде кайсы бир жазуучунун тагдыры өз элинин, доорунун, мезгилдин шарттарына шайкеш келбесе, Шекспирдей, Пушкиндей генийлер чыкпайт эле” деп адабиятчы К.Асаналивдин айтканы эсиңе келет. Анын сыңары акындын чыгармачылыгы да айтылган сөзгө туура келет. Минтип 2014 –жылда,акындын 150 жылдыгын белгилөө маарекеси кыргыз коомчулугун кубандырып жатат.Эл кызуу кабыл алып, бардык мекемелерде ар кандай иш-чаралар уюштурулууда. Бул да акындын чыгармачылык дараметинин азыркы күндө да өз орду бар экенин далилдеп, кылымдарды карытып келээрин маалымдайт десек жаңылышпайбыз деп ойлойм.

Замандаштарынын айткандарына караганда Токтогул сөздү ушунчалык так, даана, чебердик, зергердей усталык менен маанисин бузбай, адамга уккулуктуу кылып беришинен улам аны чоң художник экендигин айтышат. Ал гана эмес бир нерсе жөнүндө сүйлөөрүндө ыр, жамак менен, ылакап, макал менен баштап, кара сөзгө өтүп, мисалдап, айтылган сөздүн маанисин чыгарчу дешет. Ал эми адамга карата сылык сөздүү, кичи пейил, жапакеч, боорукер, жылдыздуу, адамдарга өтө мээримдүү, эл үчүн берилген киши эле деп эскеришет. Алтымышка таяп калган Токтогулдун аппак сакал, ак чачтуу, кызыл чийкил, чарчы бойлуу, кырдач мурун, көзү терең, кабагы бийик, маңдайы жазы, кең далыраак келген чымыр бою жашынан эле бул мүнөздөмөгө туура келерине шек жоктой сезилет.

Токтогулдун чыгармачылык тематикасы ар түрдүү.Анын чыгармаларына сүйүү лирикасы, санат-насыяттар, өмүр темасындагы ырлар, терс көрүнүштөрдү ашкерелөөчү ырлар, айтыштар, элдик дастандар (“Дүнүйө”, “Түз жолуңдан чыкпагын”, “Насылкан”, “Аккан суу” , “Балам жок”ж.б.)ж.б. мыкты чыгармалары кирет.Улуу акын Токтогулдун чыгармалары мазмунун тереңдиги идеясынын тактыгы, тилинин курчтугу менен көпчүлүктүн калың катмарына жетип, алардын сезимин ойготкон, турмушту үйрөнүүгө жол көрсөтүп, күрөшкө чакырган. Эл Токтогулдун чыгармаларынан таалим алышкан. Акындын чыгармаларынын булагы турмуш болгондуктан угуучулардын жүрөгүнө жакын болуп, терең чебердиги менен айырмаланган.Ошондой эле өзгөчө жаңы заманга, эркиндикти берген Ленинге жана анын ишине берген адилеттүү баасын “Кандай аял тууду экен Лениндей уулду” , “Жашагын кеңеш өкмөтү”, “Замана”, “Ыракмат айт”, “Бийик көтөр тууңду”, “Ленин ачты жолуңду”, “Куткарды Ленин акылман” ж.б. у.с. чыгармалары терең мазмуну менен кыргыз адабиятынын тарыхында көрүнүктүү орунду ээлейт.

Ал эми терең чебердиги менен айырмаланган Токтогулдун балдарга арналган дидактикалык чыгармаларында санат менен насыяттары, терме, үлгү ырлары орун алат. Анын “Насыят”, “Санат”, “Нускалуу ырлар”, “Терме”,”Эмне кызык”, “Гүлдөп ал”, “Түз жолуңдан чыкпагын”, “Жыргалы сендик дүнөнүн” ж.б. буга мисал болот.

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл
Эринчээк, жалкоо” дедирбей.
Эрдин күчү- сом темир,
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо,
Эгин айдар жер керек.
Эр жигиттин белгиси-
Эпчил болот термелеп,
Өз колуңда болбосо,
“Өлдү м” десең, ким берет.
Үчүң барда иштеп көн,
Күлүп жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап жер жибит,- деп адамгерчиликти, чындыкты, ак ниеттикти, достукту, жолдоштукту, эмгекчилдикти ,эрдик жана баатырдыкты даңазалап, ак көңүл, жөнөкөй, чынчыл, акыйкатчыл, өнөр ээси болууга үндөп, ушакчы, кытмыр, наадандык, көйрөңдүк, мактанчаактыктан алыс болуусуна чакыруу менен жаш муундарды тарбиялоого багыттайт.Токтогулдун мындай чыгармалары балдарга жакшыны жамандан айырмалатып, рухий бийиктиктин эң сонун үлгүлөрүн берет, Ынтымакка, достукка чакырган бул дидактикалык идеяларды акындын сатиралык жана башка чыгармаларынан да кездештирүүгө болот.

Элдик оозеки чыгармачылык - балдар адабиятынын өнүгүп чыгуусунун булагы. Бешик ырларынан тартып кара сөз, ыр менен айтылган терең мазмундуу, тарбиялык мааниси күчтүү, тематикасы ар түрдүү чыгармалар, кыргыз элинин угуттуу мурастары балдар адабиятынан орун алган. Чыгармачылыктын башка түрүнөн айырмаланган бул өнөрканада Т.Сатылганов салмактуу экенин далилдейт. Улуу педагогдордой эле балага тарбияны жаш курагына карата бериш керек дейт да ары көркөм, ары чеберчиликте ачып берет.

Боз карчыга боодо ойнойт,
Болумдуу балдар жоодо ойнойт
Болуму жок, шыгы жок
Аш талашып, үйдө ойнойт.
Көгүчкөн көлдө ойнойт,

Көлөкөсү жерде ойнойт.

Көөдөнү жок, шыгы жок,

Үйдө жатып, үйдө ойнойт,-деп нускалуу ойлорун таасын айтат.

Т. Сатылганов төкмө акын гана эмес, чебер, таланттуу жана көрүнүктүү музыкант. Ал - оригиналдуу күү чыгарган үлкөн комузчу. Адабий мураска өчпөс из калтырган талант обон- күүлөрүн комузда эркин кол ойнотуп, темпин, ыргактын жүрүшүнө карата түрдүү мимикага салып, мазмунун жорго сөздөр менен жамакташтырып ырдап черткен. Мазмундуу ырлары менен катар, анын мындай чеберчиликте аткарган музыкалык мурасы элибиздин маданий турмушу үчүн ролу чоң. Улуу композитордун күүлөрү жана ырлары бүгүнкү симфониялык, опералык жанрдагы чыгармалардын өнүгүшүнө себепчи. Анын “Тогуз кайрык”, “Шыңгырама”, “Миң кыял”, “Көкөй кести”, “Терме” , “Камбаркан”, “Ак куу”, “Кыз Кербез”, “Армандуу чымчык”, “Чайкама”, “Ботой”, “Сары-Барпы”ж.б. күүлөрү белгилүү.Токтогул жеке эле кыргыздын нагыз күүлөрүн аткарбастан казактын, өзбектин жана орустун да кыйла обон-күүлөрүн келтире алган. Ошентип ал миң кубулжуткан сырдуу кайрыктары менен угуучуну чаңкаткан .

Улуу акындын кайталангыс залкар таланты гана эмес, басып өткөн жолу, өз элинин бактысы үчүн жүргүзгөн күрөшү, акын жашаган доордогу бай-манаптын эзүүсү, зордук-зомбулук, Сибирь токою, казак талаасындагы кыйынчылыктары, өз үй-бүлөсүндөгү жеке трагедиясы акындын эркин багынта алган жок. Анын чыгармалары берилген идеясы жана көркөмдүк жагынан жогорку бийиктикте турат. Таланты көп кырдуу, сөз өнөрүнүн мыкты куралы катары түбөлүктүү чыгармалары менен элдин көркөм адабий мурастарында жашай бермекчи. Келечекте жеке адамдын тагдыры аркылуу элибиздин тарыхы чагылдырылган акындын чыгармачылыгын жаңыча көз караш менен изилдөө, илимий-изилдөөчүлөрдүн обьектисине айланаарына ишенебиз.Ошондой эле түрк тилдүү мамлекеттерде гана эмес, дегеле дүйнөлүк маданиятта өлбөс-өчпөс, баасы чексиз, ак таңдай, акын Токтогул Сатылгановдун ысымы түбөлүктүү калары шексиз.

**Адабияттар:**


1. Токтогул. Чыгармалар I, II том.–Ф.: 1968.
2. Токтогулдун замандаштарынын эскермелери. Кыргызстан мамлекеттик -Ф., 1959.
3. Элдик акындар жана тарбия. Окуу методикалык курал.- Б., 1995.
4. Т.Сатылганов: Сунуш кылынган библиографиялык көрсөткүч. -Ф., 1989.
5. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. V том.-Б., 2002.